Ош Мамлекеттик Университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин Алгебра жана геометрия кафедранын 2019-жылдын 15-март күнү өткөрүлгөн №7 чогулушунун токтомунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

**Катышкандар:** алгебра жана геометрия кафедрасынын кафедрасынын мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ

5. **Ар түрдүү маселелер.** б) ОшМУнун 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясына ылайык кафедранын Стратегиялык планын бекитүү.

Угулду: Папиева Т.М. – кафедра башчысы.

– 2019-жылдын 4-февралында ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №4 жыйынында ОшМУнун 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы талкууланып, бекитилген. Бул Концепция менен чогулуштун алдыңкы маселесинде таанышып чыктык. ОшМУнун өнүгүү Концепциясына, миссиясына жана максаттарына ылайык иштерди алып баруубуз абзел. Кафедраны 2019-2024-жылдарда өнүктүрүү үчүн төмөнгүдөй стратегиялык план сунушталат:

| № | Иштин мазмуну | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | **I. Окуу-методикалык иштери** | | | |
| 1 | Сапаттуу билим берүү максатында ар бир лекциялык жана практикалык сабактардын эффективдүү пландаштырылышына жана өтүлүшүнө жетишүү | Лекциялык жана практикалык сабактарлын иштелмелери түзүлөт, сабактар эффективдүү өтүлөт | Кафедра башчысы, предметниктер | |
| 2 | Студенттердин өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүктөрүн жана чыгармачылык активдүүлүктөрүн жогорулатуу максатында окутуу процессинде окутуунун жаңы алдыңкы тажрыйбаларды кеңири колдонуу | Студенттердин өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүктөрүн жана чыгармачылык активдүүлүктөрүн жогорулатуу боюнча иш-чаралар пландаштырылат, аткарылат | Кафедра башчысы, предметниктер | |
| 3 | Билим берүүнүн жаңы философиясы катары «Сынчыл ойломду өстүрө тургандай окуу жана жазуу» программасынын негиздерин кафедранын бардык мүчөлөрүнүн өздөштүрүүсүнө жетиштүү | «Сынчыл ойломду өстүрө тургандай окуу жана жазуу» программасынын семинарларына кафедранын жаш окутуучулары катышып, квалификцияларын жогорулатат | Профессор Матиева Г., кафедра башчысы, кафедра мүчөлөрү | |
| 4 | Лекциялык жана практикалык сабактарды пландаштырууда жана өтүүдө компьютердик технологияларды кеңири колдонууну нормага айландыруу жана бул үчүн тиешелүү дидактикалык материалдарды, окуу-усулдук колдонмолорду даярдоо | Дидактикалык материалдар жана окуу-усулдук колдонмолор даярдалат | Кафедра башчысы, предметниктер | |
| 5 | Кафедранын негизги дисциплиналары боюнча 21-кылымдын талаптарына жооп бере тургандай окуу китептерин жана | Окуу китептери жана колдонмолору кыргыз тилинде даярдалат, басмадан чыгарылат | Кафедра башчысы, предметниктер | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | колдонмолорду (кыргыз тилинде) даярдап, басмадан чыгаруу | | | |
| 6 | 510100 Математика бакалавр багытына студенттерди кабыл алуу, НББПсын иштеп чыгуу | 510100 Математика бакалавр багытына студенттерди кабыл алынып, тайпа ачылат, НББП иштелип чыгылат | Кафедра башчысы, Программа жетекчиси | |
| 7 | 510100 Математика магистрдик багытынын НББПсын ар бир окуу жылына өзгөрүүгө жараша бекитүү | Ар бир окуу жылына НББП жаңыланып, бекитилет | Программа жетекчиси | |
| | **II. Илимий изилдөө иштери** | | | |
| 1 | Кафедранын профили боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнүн колдонмо маселелерин кароону күчөтүү | Кафедранын профили боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүлөт, колдонмо маселелери каралат | Матиева Г., Алымкулов К., Борбоева Г., Папиева Т.М. | |
| 2 | Түштүк региондогу "Математиканын учурдагы проблемалары жана колдону-луштары" аттуу илимий семинар-дын ишин үзгүлтүксүз улантуу | Семинардын иши улантылат, окумуштуулар, жаш окутуучулар, аспиранттар, докторанттар баяндамалар жасашат | Алымкулов К. | |
| 3 | Кафедранын мүчөлөрүнүн жана изденүүчүлөрүнүн изилдөө иштеринин жыйынтыктарын РИНЦ, Scopus, Web of Science системаларына кирген, импакт-фактору нөлдөн айырмалуу болгон басылмалардан жарыкка чыгарууга жетишүү | Илмий-изилдөө иштердин жыйынтыктары РИНЦ, Scopus, Web of Science системаларында жарыкка чыгарылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 4 | Кафедранын мүчөлөрүнүн илимий-изилдөө багытындагы түрдүү проекттерге катышуулары, гранттарды алуулары аркылуу илимий изилдөө иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуу | Кафедранын профессорлору нун жетектөөсү менен илимий проекттер аткарылат | Алымкулов К., Матиева Г., кафедранын мүчөлөрү | |
| 5 | Кафедранын күчү менен илимий – практикалык конференция өткөрүү | ОшМУнун 80 жылдыгына карата конференция уюштурулат. Чет өлкөлүк илимий конференцияларын уюштурууга катышылат | Алымкулов К., Матиева Г., кафедранын мүчөлөрү | |
| 6 | Студенттерди илимий-изилдөө иштерине активдүү катыштыруу | Студенттер менен иштер алып барылат, студенттердин конференциясына катыштырылат | Алымкулов К., Матиева Г., кафедранын мүчөлөру | |
| 7 | Монографияларды жарыкка чыгаруу | Илмий-изилдөө иштердин жыйынтыгы боюнча монографилар чыгарылат | Алымкулов К., Матиева Г., Борбоева Г.М. | |
| 8 | Жаңы илимий байланыштарды түзүү | Чет өлкөлүк окумуштуулар менен илимий байланыштар түзүлөт | Алымкулов К., Матиева Г., каф. мүчөлөрү | |
| 9 | Илимий ачылыштарга патент жана автордук күбөлүктөрдү алуу | Жаңы илимий ачылыштар, геометриялык фракталдар түзүлөт, патент жана автордук күбөлүк алынат | Алымкулов К., Матиева Г. | |
| 10 | Доктордук диссертацияларды жетектөө жана коргоого чыгуу | Профессорлор Матиева Г., Алымкулов К. доктордук диссертациялага илимий консультанттык милдетин аткарат, докторанттар | Алымкулов К., Матиева Г., Кожобеков К.Г. Борбоева Г.М. Папиева Т.М. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | диссертацияларын жыйынтыктап, коргоого чыгышат | | |
| **III Тарбиялык иштери** | | | | |
| 1 | Жаштарды руханий жактан өстүрүү багытында иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү | Ар бир окуу жылына иш-чаралар пландаштырылат жана өткөрүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 2 | Башка улуттун өкүлдөрү менен тынчтыкта жана жанаша жашоо жана жаштар арасындагы ынтымакчылык идеясын алдыга үндөгөн иш чараларды пландаштыруу жана ишке ашыруу | Иш-чаралар пландаштырылат жана өткөрүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 3 | Кафедранын, факультеттин жана ОшМУнун деңгээлинде патриоттуулукка байланыштуу иш-чараларды пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу | Иш-чаралар пландаштырылат жана жүзөгө ашырылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 4 | ММК аркылуу жаштар проблемалары боюнча ой-пикирлерди, сунуштарды билдирип туру (макала, интервью, ж.б.) | ММКларга макала чыгаылат, интервьюлар берилет | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| **IV Коомдук иштери** | | | | |
| 1 | Билим берүү системасынын мекемелерине жардам көрсөтүү<br>а) ОМБӨИ (сабак өтүп берүү, усулдук жардам көрсөтүү)<br>б) Окутуунун жаңы технологияларын үйрөтүү максатында мектеп мугалимдерине семинарларды өткөрүү | Сабар өтүлөт, семинар-тернингдер өткөрүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 2 | Кафедранын мектептер менен байланышын күчөтүү жана жаңы байланыштарды түзүү, аларга ар тараптүү жардам көрсөтүү | Мектептер менен байланыш түзүлөт, келишимдер түзүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 3 | Кесиптик багыт берүү максатындагы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү | Иш-чаралар пландаштырылат жана жүзөгө ашырылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| **V Кафедра мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу** | | | | |
| 1 | Ар бир окутуучунун өз квалификациясын жогорулатуусунун үстүндө эффективдүү иштөөсүнө өбөлгө түзүү, көмөк көрсөтүү | Кафедранын бардык мүчөлөрү квалификацтясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 2 | Кафедра мүчөлөрүнүн билим берүү багытындагы түрдүү проекттерге катыштыруу | Кафедранын мүчөлөрү билим берүү проекттерге катышышат | Кафедра башчысы, каф.мүчөлөрү | |
| 3 | Билим берүүнүн проблемаларына байланыштуу өткөрүлүүчү түрдүү деңгээлдеги конференцияларга, семинарларга тренингдерге кафедра мүчөлөрүн катыштырууга шарт түзүү | Кафедра мүчөлөрүнө конференция, сеимнар, тернингдерге катышуусуна шарт түзүлөт (консультатция берилет, сабактары бар болсо алмаштырылат) | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **VI Окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар** | | | | |
| 1 | Дүйнөнү алдыңкы жождорунун программаларынын үлгүсүндө жаңы, эксперименталдык билим берүү программаларын ишке ашырууга катышуу, эл аралык стандарттарга ылайык билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу | Жаңыланган окуу пландарын жана программаларын түзүүгө катышуу, ишке ашыруу | Алымкулов К., Матиева Г., Папиева Т.М., Борбоева Г.М., Селиванова Н.С. | |
| 2 | Жаңы муундагы окуулуктарды жана окуу-колдонмолорун иштеп чыгуу жана модернизациялоо | Жаңы окуулуктар жана окуу-колдонмолор басмадан чыгарылат | Кафедра мүчөлөрү | |
| 3 | Электрондук окуу материалдарын иштеп чыгуу | Кафедранын дисциплиналары боюнча электронду окуу материалдары иштелип чыгылат | Кафедра мүчөлөрү | |
| 4 | 510100 Математика бакалавр жана магистрдик программаларынын студенттерин мобилдүүлүгүн колго алуу | Студенттерди жана магистранттарды мобилдүүлүккө катыштыруу | Кафедра мүчөлөрү | |
| **VII Материалдык-техникалык базаны чыңдоо** | | | | |
| 1 | Кафедра үчүн дагы бир иш бөлмөсүн бөлдүртүп алууга жетишүү | 510100 Математика баклавр багыты үчүн бир бөлмө жабдылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 2 | 510100 “Матиематика” магистрдик багыты үчүн “Математиканын учурдагы проблемалары, колдонулуштары жана аны окутуунун маселелери” аттуу илимий лабораторияны ачуу, аны жабдуу | Лаборатория үчүн бир бөлмө жабдылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |
| 3 | Кафедранын начар иштеген эски компьютерин жаңы компьютерге алмаштыруу, заманбап корсотмо куралдар менен кафедраны камсыздоо (проектор, түстүү принтер, электрондук доска ж.б.) | Эски компьютерлер жаңыга алмаштырылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | |

Жогорудагы план талкууланып, төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды:

а) 2019-2024-жылдар үчүн ОшМУну өнүктүрүү Концепциясына ылайык алгебра жана геометрия кафедрасын өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы жактырылсын;

б) Кафедранын стратегиялык планын бекитип берүү жагы МИТ факультетинин деканы, доцент У.А. Сопуевден суралсын.

Чогулуштун төрайымы: Папиева Т.М.

Катчысы: Мустапакулова Ч.А.